**Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчинин**

**пикири**

Жыпаргүл Шербаева – тажрыйбалуу мугалим, окутуучу, лектор, эл аралык класстагы тренигдердин уюштуруучусу, көптөгөн жаштардын насаатчысы.

Анын диссертациясы кыргыз адабиятын окутуу методикасындагы актуалдуу проблемага – башталгыч класстарда жомокторду окутуу проблемасына арналган.

Диссертант «Адабий окуу» курсунун окуу программаларын, окуу китептерин жана бул предметти окутуунун көйгөйлүү жагдайларын тереңден билет, анткени ал орто мектептерде көп болуп, сабактарга катышып жүрөт. Анын темасынын актуалдуулугу азыркы учурда окуучулардын китеп окуу маданиятынын төмөндөп кеткендиги менен байланышат. 2021-жылы КР Президенти С.Н.Жапаров кызматка киришкендеги эң биринчи эле жарлыгын «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» деп атады. Мына ушул мамлекеттик маанилүү документте азыркы жаштардын ыймандык жана рухий дүйнөсү жакырданып бара жаткандыгы, андан чыгаруунун бир жолу көркөм адабият экендиги айтылат. Дал ошол көркөм адабияттын эң эле кызыктуу жана окуучуларды өзүнө тарткан жанры – жомоктор. Жомоктор балдардын акыл-чабытын, романтикалык кыялын өстүрөт, аларда элдик тилдин бай казынасы орун алган. Кыргыз эли байыртадан эле балдарды терс сапаттардан арылтууда, оң жолго баштоодо көркөм сөздүн күчүн, анын ичинде жомокторду пайдаланып келген. Мына ошол жомоктор окуу программасында кеңири орун алып келе жатса да, аларды заманбап технологияларды колдонуп окутуунун методикасы ар тараптуу иштелип чыга

элек. Азыркы дүйнөлөшүү шартында, Ала-Тоо аймагынын супер цивилизацияга аралашуу шартында балдарды улуттук баалуулуктар, алардын ичинде жомоктор аркылуу тарбиялоо өзгөчө мааниге ээ болуп, ошол процессти жеткирүүнүн технологияларын педагогикалык аспектиден талдап көрсөтүү актуалдуу проблемалардын катарында ар дайым туруп келет.

Бул диссертация жомокторду азыркы шартта окутуунун ар түрдүү ыкмаларын, жолдорун мугалимдерге сунуш кылгандыгы менен актуалдуу.

Эмгекте илимий-методикалык жактан башталгыч класстарда жомоктордун бүгүнкү күндөгү максат-мааниси көрсөтүлүп, аларды окутуунун методикалык системасы иштелип чыккан. Мына ошол методикалык эмгегин жазууда ал методологиялык таянычтарды туура тандай алган, дүйнөлүк классик педагогдордун жана мектеп мугалимдеринин тажрыйбаларын анализдеп, синтездеп, өз оюн интерпретациялай алган. Ал окуу программасы жана окуу хрестоматиялары менен туура иштей билет.

Диссертант башталгыч класстарда жомоктор аркылуу окуучулар жетише турган компетенттүүлүктөрдү белгилеп, аларды тексттерди талдоо аркылуу көрсөтүп берет.

Диссертацияда окуучулардын жомоктор аркылуу окурмандык кызыгууларынын өсүү процесси туура аныкталган. Ошол эле учурда жомокторду башка чыгармалардан айырмалап үйрөтүүнүн методикалык өзгөчөлүктөрү изилденген.

Ж.Р.Шербаева жомокторду окутуунун тарыхый эволюциясын аныктаган, окуу программаларындагы, окуу китептериндеги абалын талдоого алган, айрым сабактардын фрагменттерин, өзүнүн бул багыттагы мугалимдик тажрыйбаларын жыйынтыктап, жеке методикасын практик мугалимдер үчүн сунуш кылат. Анын жомокторду талдоолору чыгармага текстологиялык анализ жүргүзүүдөн, көркөм окуудан, ролдоштуруудан, чыгарманын тилдик-стилдик бөтөнчөлүктөрүн конкреттүү көрсөтүүдөн турат.

Пикир айтылып жаткан эмгекте жомокторду окутуунун негизги мазмуну жана аларды окутуунун натыйжалуу деп эсептелинген ыкмалары жана каражаттары заманбап талаптарга ылайык иштелип чыккан.

Изденүүчү көптөгөн илимий жана көркөм адабияттарга таянган.

Диссертацияда илимий изилдөөлөрдүн теориялык жоболору жеткиликтүү жана ынанымдуу чыгарылган.

Ж.Р.Шербаеванын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темадагы диссертациялык эмгеги жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча азыркы кыргыз адабиятын окутууну өркүндөтүүнүн жолдорун көрсөткөн эмгек катары мугалимдердин окутуу ишмердүүлүгүн жогорулатууга салым кошот деп ойлоймун.

Автордун диссертацияда ишке ашырган изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары жаңы жана маанилүү.

Айтылган илимий жоболор жана методикалык сунуштар башталгыч класстардын «Адабий окуу» курсунда жомокторду окутуунун методикасын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк ачып берет.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен, чагылдырылган, андан эмгектин ырааттуу логикасын аңдап билүүгө болот.

Иш макалалар түрүндө жана изденүүчүнүн практикалык иш аракеттеринде апробациядан өткөрүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда, **Ж.Р.Шербаеванын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын авторефереты Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10 пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору

Ж.Р.Шербаева аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Мен, илимий жетекчи катары, Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган эмгегин диссертациялык кеңеште коргоого сунуш кыламын.

***Илимий жетекчи:*** ***Муратов А.Ж., педагогика илимдеринин доктору, профессор***

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ